«БЕКИТЕМИН»
Баткен мамлекеттик университетинин
ректору, экономика илимдеринин доктору,
профессор А.Т.Гыязов

«12» 06 2024-жыл

Баткен мамлекеттик университетинин М. М. Таиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун Гуманитардык факультетинин Кыргыз тили жана тарых кафедрасынын, Баткен мамлекеттик университетинин А. А. Машрабов атындагы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун Педагогика жана экономика факультетинин Филологиялык жана педагогикалык билим берүү кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын 2024-жылдын 12-июнундагы № 1 протоколунун

**КӨЧҮРМӨСҮ**

**Төрага** – т. и. к., доцент А. Ш. Абдыкеримов
**Катчы** – т. и. к., доцент А. Д. Курбанов

**Катышкандар:**.

1. А. А. Асанканов - т. и. д., академик (07.00.07 - этнография, этнология жана антропология), КР УИАнын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун директору.
2. А. Р. Джоошбекова - т. и. д., профессор (07.00.07 - этнография, этнология жана антропология) И. Арабаев атындагы мамлекеттик университетинин "Кыргызстандын тарыхы жана этнология" кафедрасынын башчысы.
3. О. Э. Капалбаев – т. и. д., профессор (07.00.07 - этнография, этнология жана антропология), КРнын Президентинин Администрациясынын саясий жана экономикалык изилдөөлөр башкармалыгынын начальнигинин орун басары – саясатты иштеп чыгуу, реформаларга мониторинг жүргүзүү жана талдоо бөлүмүнүн башчысы.
4. С. Н. Эралиев – т. и. к., доцент (07.00.07 - этнография, этнология жана антропология) Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети (онлайн).
5. Э. А. Саргашкаев – т. и. к., доцент, (07.00.07 - этнография, этнология жана антропология), С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети (онлайн).
6. Тентигүл к. Назира – т. и. к., доцент (07.00.07 - этнография, этнология жана антропология), И. Ахунбаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Медициналык Академиясы (онлайн).

7. В. Э. Анарбекова - т. и. к., доцент (07.00.02), Борбордук Азиядагы Эл аралык мединалык университетинин “Табигый-гуманитардык дисциплиналар” кафедрасынын башчысы (онлайн).
8. М. М. Таиров -ф.- м. и. д., профессор (01.04.07), Баткен мамлекеттик университетинин Жаратылышты коргоо жана илимий-изилдөө институтунун директору.
9. А. Д. Курбанов - т. и. к., доцент (07.06.02), БатМУ СГЭИнин Филологиялык жана педагогикалык билим берүү кафедрасынын профессору.
10. А. Т. Бердиев - т. и. к., доцент (01.00.02), БатМУ КГПИнин директору.
11. Ы. С. Эралиев - КРнын Эмгек сиңирген мугалими, БатМУ СГЭИнин Филологиялык жана педагогикалык билим берүү кафедрасынын доценти.
12. Ш. Ж. Эржигитова - ф. и. к., (10.02.20) БатМУ СГЭИнин Филологиялык жана педагогикалык билим берүү кафедрасынын доценти.
13. Т. Каранова - п. и. к., доцент, (13.00.01), БатМУ КГПИнин “Педагогика, психология жана МЧББ” кафедрасынын проф. м. а.
14. А. Э. Нажимидинова - п. и. к., доцент (13.00.01), “Педагогика, психология жана МЧББ” кафедрасынын башчысы.
15. Ж. А. Кашматова - п. и. к., доцент (13.00.02), БатМУ КГПИнин «Педагогика, психология жана МЧББ» кафедрасынын профессору.
16. А. А. Абдибаитова - б. и. к., доцент, КГПИнин директорунун окуу, илимий-изилдөө иштери боюнча орун басары, “Табигый илимдер” кафедрасынын доценти.
17. Г. К Үсөнова - КГПИнин директорунун тарбия иштери боюнча орун басары.
18. У. К. Тилекова – ОшМУнун окутуучусу.
19. Г. Ш. Дусалиева – БатМУ СГЭИнин Окуу, окуу-усулдук жана маалымат-технологиялар бөлүмүнүн башкы адиси.
20. Ө. Мусаев – БатМУ КГПИнин «Кыргыз тили жана тарых» кафедрасынын ага окутуучусу.
21. А. Бердыбаев - БатМУ КГПИнин «Кыргыз тили жана тарых» кафедрасынын ага окутуучусу.
22. Ш. Ураимов - БатМУ КГПИнин «Кыргыз тили жана тарых» кафедрасынын доц. м. а.
23. Миталип у. А. - БатМУ СГЭИнин «Табигый илимдер жана маалымат технологиялар» кафедрасынын ага окутуучусу.

**Күн тартиби:**

Баткен мамлекеттик университетинин А. А. Машрабов атындагы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун «Филологиялык жана

педагогикалык билим берүү» кафедрасынын ага окутуучусу А. М. Абдиеванын **«Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы)»** аттуу темада 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясынын кол жазмасын талкулоо.

**Илимий жетекчиси** - тарых илимдеринин доктору, КР УИАнын академиги, профессор А. А. Асанканов.

**Угулду:**

**Жыйындын төрагасы, "Кыргыз тили жана тарых" кафедрасынын башчысы, т. и. к., доцент А. А. Абдыкеримов:** Урматтуу кеңейтилген отурумдун катышуучулары, бүгүнкү отурумда Баткен мамлекеттик университетинин А. А. Машрабов атындагы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун «Филологиялык жана педагогикалык билим берүү кафедрасынын ага окутуучусу Абдиева Айшахан Мухаматкуловна **«Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы)»** деп аталган 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган өзүнүн илимий ишин жыйынтыктап, сиздерге талкууга койду. Диссертациянын кол жазмасын адистер жана кафедранын мүчөлөрү окуп, таанышып чыктыңыздар. Онлайн түрүндө да катышуучулар бар. Бүгүнкү талкуубузда аларга да сөз беребиз.

Илимий тема БатМУнун Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун Окумуштуулар Кеңешинин 2012-жылы 3-октябрдагы №2 пртоколунун негизинде бекитилген. **Илимий жетекчиси т. и. д., профессор, КР УИАнын академиги А. А. Асанканов.** Анда тартип боюнча изденүүчүгө - диссертант А. Абдиевага берилет, 10 мүнөттүн тегерегинде 15 мүнөткө чейинки аралыкта убакыт берели, иштин мазмуну менен кыскача тааныштырсын.

**Изденүүчү А. Абдиева:** Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар! Бүгүнкү жыйынга келип, талкууга катышып жатканыңыздар үчүн терең баарыңыздарга ыраазычылык билдирем.

Кыргыздар салттуу коомдо курчап турган чөйрөгө өзгөчө мамиле жасаган. Табияттын сырларын терең үйрөнүп, аны менен айкалышып, ага аяр мамиле жасап, флора менен фаунаны туура пайдаланып келген. Ошол себептүү кыргыздардын салттуу чарбачылыгында, күндөлүк турмуш-тиричилигинде өсүмдүктөрдү пайдалануусу жана алардын элдик маданий мураска айланышы ар тараптуу иликтөөлөрдү талап кылат.

Бул изилдөөдө XIX к. аягы - XX к. башындагы кыргыздардын этномаданий мурасынын бири-өзүлөрүн курчап турган өсүмдүктөрдү - флораны таануусу жана аны турмуш-тиричилигинде колдонуусу болуп саналат.

Кыргыздардын чарбачылыкта, күндөлүк турмушта, элдик медицинада, элдик ветеринарияда ж. б. флораны пайдалануунун кылымдар бою топтолгон элдик тажрыйбасы коомдук жана табигый илимдердин өкүлдөрү тарабынан азын-оолак изилденип келе жатат. Чет өлкөлөрдө XIX к. аягынан тарта, постсоветтик республикаларда XX к. акырынан тарта бул багытта атайын изилдөөлөр жүргүзүлүүдө жана бир топ илимий эмгектер жарыяланган, тактап айтканда, “Этноботаника” илимий багыты калыптанып жатат. Бул багытта жогоруда айтылгандай Кыргызстанда алгачкы кадамдар жасалды, бирок атайын изилдөөлөр жок.

Изилдөөнүн объекти – XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүндөгү кыргыздардын өздөрүн курчап турган өсүмдүктөр дүйнөсүн пайдалануу болуп эсептелет.

Изилдөөнүн предмети - XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүндө жашаган кыргыздардын салттуу маданиятынын түзүмүндөгү өсүмдүктөр дүйнөсү, күндөлүк чарбада, турмуш-тиричиликте пайдалануунун салттуу ыкмалары, өсүмдүктөр дүйнөсүнөн алынуучу материалдардан жасалчу эмгек шаймандары, үй-тиричилик буюмдары, боёктор, дары-дармек, сулуулук каражаттары болуп саналат.

Изилдөөнүн максаты – XIX к. аягы - XX к. башындагы Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүндө жашаган кыргыздардын өздөрүн курчап турган флораны күндөлүк турмушта пайдалануусун ар тараптан иликтөө.

Изилдөөнүн милдеттери. Коюлган максатка жетүү төмөндөгүдөй милдеттерди чечүүнү шарттады:

- флорадан жасалган буюмдарды жана алардын жасалыштарын ачып изилдөө;
- дыйканчылык менен өндүрүлгөн өсүмдүктөр жана алардан жасалган буюмдардын жасалыштарын ачып көрсөтүү;
- өсүмдүктөрдү тери жана жүн иштетүүдө пайдаланылышын иликтөө;
- флораны сулуулук каражаты катары пайдаланылышын ачыктоо;
- өсүмдүктөрдү тамак-аш катары пайдаланылышы жана алардын жасалышында элдик ыкмаларын изилдөө;
- флораны дары катары пайдаланышын жана алардын жасалышынын элдик ыкмаларын иликтөө;

- өсүмдүктөрдү мал чарбачылыкта салттуу дары катары пайдаланышын ачып көрсөтүү;
- флораны каада-салт, ырым - жырымдарда пайдаланууну карап чыгуу;
- айрым өсүмдүктөрдүн жергиликтүү элдин руханий дүйнөсүндөгү ордун аныктоо.

Изилдөөнүн методдору. Диссертациялык изилдөөдө коюлган максат-милдеттерге шайкеш объективдүүлүк, тарыхыйлуулук принциптери болуп эсептелет.

Иштин илимий жаңылыгы төмөнкүчө аныкталат:

Аткарылган эмгек кыргыз этнология илиминде XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын флораны күндөлүк турмуш-тиричиликте пайдалануусун атайын өзүнчө изилдөөгө аракет жасаган алгачкы эмгек болуп саналат.

XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы мелүүн жана ысык алкакта өскөн өсүмдүктөрдүн түрлөрү, сапаттары, табигый жана колдо өстүрүлгөн флораны салттуу чарбада, турмуш-тиричиликте кандай форма жана мазмунда керектелүүсү ар тараптан изилденди.

- мал чарбачылыгында пайдаланылуучу флорадан жасалган буюмдар жана шаймандар жана аларды жасоонун элдик ыкмаларынын аймактык өзгөчөлүктөрү этнографиялык талаа материалдарынын негизинде каралды;

- дыйканчылык иштеринде пайдалануучу өсүмдүктөрдөн жасалган турмуш-тиричилик буюмдары, шаймандар, идиш-аяктар жана аларды жасоонун элдик ыкмаларынын аймактык өзгөчөлүктөрү этнографиялык талаа материалдардын негизинде изилденди;

- кыргыздар турмуш-тиричиликте флораны тери жана жүн иштетүүдө боёк катары даярдоо тартиби жана буюмдарга ар түрдүү түс берүү ыкмалары ачып көрсөтүлдү;

- кыргыздар флораны тамак-аш, дары каражаты катары күндөлүк тиричиликте пайдаланышы жана жасалышынын элдик ыкмалары изилденди; Ошону менен бирге, бул илимий маселе башка түрк тилдүү жана кошуна элдерде өсүмдүктөрдүн аталышы, колдонуу ыкмалары менен салыштырылып каралды;

- кыргыз элинин өсүмдүктөргө байланышкан каада салт, жөрөлгөлөрү жана дүйнө таанымдары чагылдырылды.

Иштин теориялык жана практикалык мааниси: XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздарынын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү, жүргүзгөн чарбачылыгы, чарбачылыкта пайдаланган буюм-тайымдары, шаймандары, аларды жасоонун салттуу ыкмалары,

өсүмдүктөрдү тиричиликте тамак-аш, дары каражаты катары үнөмдүү жана аяр пайдаланышы жөнүндө, кыргыздардын табигый шарт, айлана-чөйрө менен бир эриш-аркак болуп жашагандыгы далилденди.

- Диссертациянын натыйжалары кыргыз элинин этномаданиятын, колдонмо өнөрүн окутууда, этнография жана атайын курстарды студенттер үчүн окууга, жалпы эле билим алган окуучуларга, жаштарга сунуштаса болот. Бул эмгектин жыйынтыктары жалпы эле коомчулукка, эс тарткан адамдарга, үй-бүлөлөргө керек болушу абзел.

Иште төмөнкү жоболор коргоого сунушталат:

- XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздар өзүлөрүн курчап турган флораны өз мезгилине жараша ар тараптан жана терең аңдап билишкен. Алар өсүмдүктөрдүн ар бирин атынан аташкан жана алардын физикалык, биологиялык сапатына жараша күндөлүк жашоо-турмушунда кенен-кесири пайдалана билишкен;

- кыргыздар күндөлүк турмушта кадыресе табияттын чөйрөсү менен айкалышып жашап, белгилүү деңгээлде өзүнө таандык маданиятын өнүктүрүп келген. Өсүмдүктөр-кыргыз элинин этникалык ландшафтынын негизги маданий мүнөзүн жана табиятка карата адамдардын жүрүм-турумун аныктаган. Аталган чөлкөмдө жашаган кыргыздар негизинен мал чарбачылык жана жер иштетүү жумушу менен алектенип келишкендиктен, жергиликтүү табигий флора жана бакчачылык да белгилүү мааниде чарбачылык ишмердүүлүгүнө таасирин тийгизген. Андан сырткары, өсүмдүктөр дүйнөсү мал чарбачылыкты өстүрүү үчүн тоют катары гана каралбастан, алардын түзүмдөрү түрдүү багыттагы чарбачылыкта керектелүүчү буюмдар катары пайдаланып келишкен;

- кыргыздар курчап турган табигий өсүмдүктөрдү жана дыйканчылык менен өндүргөн флораларды салттуу чарбачылыкта буюм, шайман жана идиш-аяк катары пайдаланышы жана алардын орду, жасалыш ыкмалары Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы аймактык, экологиялык өзгөчөлүктөргө ээ;

- Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздар тамак-ашты даярдоодо жана аны кабыл алууда сүттөн, эттен жана камырдан башка флорага кенен орун берилген. Табигый жаратылыш флорасынан сырткары, бакчада колдо өндүрүшкөн флораны күндөлүк тамак-аштарына пайдаланып келишкен;

- Автор XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын дыйканчылык менен өндүрүлгөн өсүмдүктөрдүн жана алардан жасалган буюмдардын даярдоо ыкмалары калыптанган;

- Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын флораны боёк катары турмуш-тиричиликте тери жана жүн иштетүүдө пайдаланышы жана аны колдонуунун салттуу ыкмаларында чөлкөмдүк өзгөчөлүктөрү сакталган;

- Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздар флораны дары катары адамдарды дарылоодо кенен пайдаланууга аракет кылышкан;

- Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздар флораны сулуулук каражаты катары да пайдаланылышкан. Аймакта өскөн, дүйнөдө сейрек кездешүүчү гүл өзүнүн кооздугу менен жергиликтүү калктын руханий дүйнөсүнөн өзгөчө орун алган.

Изилдөөчүнүн жеке салымы. Диссертант тарабынан он жылдан ашык (2012-2024-жж.) Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүнүн жана аймактарынын Кадамжай, Баткен жана Лейлек өрөөндөрүнүн айылдарында, жайлоолорунда кеңири болуп, турмуш-тажрыйбасы бар, орто жана жогорку муундагы адамдар менен аңгемелешип, интервью алып, сурамжылап, тикеден тике байкоо жүргүздү. Ошону менен бирге каралган маселе боюнча эң алгачкылардан болуп этнографиялык бир топ талаа материалдары жыйналды, алар анализденди, сүрөт, видеоматериалдар тартылды. Кыргыз элинин материалдык байлыгы, көөнөрбөс маданий мурасы болуп саналган буюм-тайымдарын, шаймандарын жасоо ыкмалары жана тиричиликте пайдаланышы боюнча материалдар илимий айлампага киргизилди.

Кыргыз этнология илиминде эң алгачкы жолу Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында жашаган кыргыздардын мисалында өсүмдүктөрдүн элдин күндөлүк салттуу чарбасында, жашоо турмушунда, азык жана дарычылык, сулуулук каражаты катары пайдаланышы жана алардын жасалышынын элдик ыкмалары автор тарабынан ар тараптуу изилденди. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында жашаган кыргыздардын күндөлүк жашоо турмушундагы пайдаланылган флоранын аттары табылып, сүрөткө тартылып, тиркеме киргизилди.

Иштин апробациясы. Диссертациянын негизги жыйынтыктары жана жоболору 2014-2024-жылдардын аралыгында Баткен мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университети, 63-Туруктуу Эл аралык Алтаистикалык конференциясында, Алтай элдеринин эл аралык VIII симпозиумунда, Түркияда болуп өткөн ESSA II жана ESSA III онлайн симпозиумдарында, КРнын Улуттук илимдер академиясынын “Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту”, КР Өкмөтүнүн алдындагы “Тарых жана маданий Мурас” фонду тарабынан жана Ата Мекендик ЖОЖдордо өткөрүлгөн бир нече эл аралык, республикалык

илимий-практикалык конференцияларда баяндама катарында окулган жана талкууланган. Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!

**Жыйындын төрагасы, т. и. к., доцент А. А. Абдыкеримов:** Рахмат, диссертанттын баяндамасын уктуңуздар. Анда суроо-жоопторго өтсөк. Айша өтө кызыктуу маалыматтарды айтты. Биз билген, билбеген, кээ бирде болсо балалык кезде уккандар эсибизге түшүп атат. Анда суроолорго өтсөк. Диссертациялык иштин чегинде гана суроолор болсо берсеңиздер болот.

**Жоошбекова А. Р. т. и. д., профессор: Айша,** Айгүл гүлү Баткендин эле эмес, Фергана өрөөнүнүн эле эмес, Кыргызстандын да бренди катары сенин ишиңде кандайча чагылдырылды, ал жөнүндө кандай эл оозунан чогултулган маалыматтар жана өзүң чыгарган жыйынтыктар боюнча кыскача айтып бере аласыңбы?

**Изденүүчү А. М. Абдиева:** Айгүл гүлү – дүйнөдөгү сейрек кездешчү гүл. Биз илимий жетекчим А.Асанканович менен аны кантип кошсок экен деп ойлонгонбуз. Биз элден сураштырганда Айгүл гүлү дары катары пайдаланылбайт экен. Илимий ишке эл ичинде Айгүл гүлү тууралуу жыйналган легендалар, уламыштар киргизилди. Ошондой эле, бул уникалдуу өсүмдүктүн элдин руханий дүйнөсүндө алган ордун көрсөттүк.

**Т. и. к., доцент Ч. Т. Сатыбалдыева:** Айша жакшы билдирүү болду. Эмгегиңизде кайсы илимий-изилдөө методдорун колдондуңуз?

**Изденүүчү А. М. Абдиева:** тарыхыйлуулук жана обьективдүү методдорун, сурамжылоо, анкета, байкоо, этнографиялык талаа материалдарын жыйноож.б. ыкмаларды колдондук.

**Т. и. к., доцент А.Т.Бердиев:** Бизде Баткендин жайлоолорунда жана жайыттарында чайырдан башка женжуол деген тоют чөп бар, орусчасын билбейт экенмин. Ийне жалбырактууларга кирет. Муну биздин мал чарбачылыгында тоют жана жем катары колдонулуп келет. Ушуну да бир карап койсоңуз.

**Изденүүчү А. М. Абдиева:** макул, эске алынат.

**Жыйындын төрагасы, т. и. к., доцент А. А. Абдыкеримов:** Мен ооруканада жатсам Айша чалат. Агай айтып койсоңуз, жылкыны таптаганда эмнелерди кылышкан деп, өзүмдүн инилеримден сураштырдым. Азыр эми саяпкерлер жок да, бир катар маалыматтарды алып, Айшага айттым эле, илимий ишине кошуптур ошол маалыматтарды. Бул өтө чоң тема, өсүмдүктөрдү кыргыздар илгертен эле колдонуп келген. Презентацияда нанды - паниз патирди көрүп, бала чагыбызды эстедик, биз чабандын баласы болгон үчүн энелерибиз нан жапкан да кадимкидей эле. Казанга жаап туруп, чокту үстүнө бастырып, турмушумда көп эле колдонулган. Бул өтө бай тема. Ошондуктан, бул боюнча көп эле суроолор болот болуш керек. Эгерде дагы

суроолор пайда болуп калса кийин да бере бересиздер. Азыр эми Айшага ракмат айталы, тилегибиз сен жакшы жактап кетсең.

**Жыйындын төрагасы, т. и. к., доцент А. А. Абдыкеримов:** анда бизде онлайн түрүндө катышып аткан кесиптешибиз Нарын мамлекеттик университетинин доценти, т.и.к. Э.А.Саргашкаевге сөз кезегин берсек.

**Т. и. к., доцент Э. А. Саргашкаев:** А. Абдиеванын диссертациясын уктук. Мал чарбачылыгында дарылоо иштерине өсүмдүктөрдү колдонуу боюнча жакшы маалыматтарды бериптир. Менин илимий ишимде да ветеринарияда пайдаланышы жана жасалуу ыкмалары туурасында мисалдар келтирилген. Айша да ушуларга токтолуп кетиптир. Ишиңе ийгиликтерди каалайбыз.

**Изденүүчү А. М. Абдиева:** Чоң ыраазычылык билдирем, Эсенбек Абдраевич.

**Жыйындын төрагасы, т. и. к., доцент А. А. Абдыкеримов:** дагы бир онлайн катышып аткан кесиптешибиз КММАнын доценти, т.и.к. Тентигул кызы Назира сизди угуп атабыз.

**Т. и. к., доцент Тентигул к. Н.:** диссертацияны карап чыктым, мен да өз сунушумду айтайын. 2021-жылы сентябрь айында Айша менен Нарын жана Ыссык-Көл облустарында этнографиялык экспедицияларга барганбыз. Ал жактан бир топ маалыматтарды алганбыз. Кочкордон 90 жашка чыккан атабыз Асанкул аксакал атабыздын дары чөптөр жөнүндө айткан маалыматтарын кошсо жакшы болмок. Же жалаң эле Баткен облусун эле алганбы. V параграфтагы кыргыздардын өсүмдүктөрдүн дары катары пайдаланышы жана алардын жасалуу ыкмалары боюнча жакшы маалымат берген. Ушул түндүк жана түштүк региондорунан табылган дары чөптөрдү салыштырып жазса жакшы болмок деген сунушумду айткым келет. Ийгилик болсун, Айша, диссертацияга менин дары өсүмдүктөр жөнүндөгү китебимди киргизсеби дегенмин. А.Абдиеванын диссертациялык ишин коргоого сунуштаймын.

**Изденүүчү А. М. Абдиева:** чоң ракмат, сунушуңузду эске алабыз.

**Т. и. к., доцент В. Э. Анарбекова:** менин биринчи суроом мындай: сиз учурда популярдуу болуп аткан уу коргошун, башкача айтканда, аконит боюнча илимий ишинизде жазгансызбы?

**Изденүүчү А. М Абдиева:** биз жергиликтүү элдик табыптардан сураштырганда уу коргошун колдонулбай тургандыгын айтышты. Бирок, биз дагы сурамжылоо жүргүзүп тактайбыз.

**Жоошбекова А. Р. т. и. д., профессор:** Саламатсыздарбы урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, диссертация жогоруда Аблабек Асанканович айтып кеткендей кенен темага арналган. Анткени, адамзатты,

этносторду курчап турган айлана чөйрө, флора, фауна бул өтө чоң тема. Ошонун ичинен изилдөө темасы катары өсүмдүктөр дүйнөсүн алган экен. Тема: Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышынын материалдарынын негизинде. Хронологиялык рамкалары: XIX к. аягы-XX к. башы. Бул салттту маданиятты, салттуу жүрүм-турумду изилдеген мезгилди биз ушул XIX к. аягы-XX к. башы деп, көптөгөн диссертациялар жакталып изилденди. Ошондуктан, бул тема абдан актуалдуу. Бул тема этнологиялык жактан диссертациялык деңгээлде изилдене элек. Жашоонун азыркы ыргагы жаратылышты сактоону, ага адамзаттын аяр мамиле кылуусун талап кылууда. Эл аралык проекттердин негизги приоритеттүү багыттарынын бири-экология экендиги да баарыбызга белгилүү. Биздин ата-бабалар табигат менен гармониялуу мамиледе болгон жана ага аярлык менен мамиле жасаган. Өзүнүн керектөөсүнө ылайык гана жаратылыштан азыктарды, ресурстарды алып турган. Жаратылыш мыйзамдарын сыйлап, өзү жашаган аймакты, чөйрөнү аздектеп, ыйык тутуп, сыйынган.

Элдик оозеки чыгармаларда (мисалы Сур Эчкинин каргышы, Кожожаштын трагедиясы) табигатка аяр мамиле кылууну эскертүү муундан муунга сабак катары өтүп келе жатат. Ата-бабалардын мурасы, баалуулуктары санчы, сынчы, эсепчи, эмчи-домчу, дарымчы, мүнүшкөр, саяпкер ж. б. элдик билимдерди алып жүргөн кишилер аркылуу улам кийинки муунга берилип, бүгүнкү күндөгү абалына жетти. Ошол элдик билимдин уюткусунан бирдеме билип калган, алып калган адамдардан информаторлор катары маалыматтарды чогултуп, талдап, илимий айлампага киргизүүнүн өзү диссертанттын эмгеги, элине жасаган кызматы, анткени өзү жашаган аймактагы табигатка карата элдин жүрүм-турум маданиятын изилдеп жатат.

Этностордун жаратылыш таануусунун жана пайдалануусунун салттуу системасы жаратылыш чөйрөсүнө карата ыңгайлашат. Ошондуктан ыңгайлашуунун маанилүү механизми – этностук маданият экендигинде шек жок.

Бул диссертацияны жазууда диахрондоштуруу, синхрондоштуруу, реконструкциялоо, этноботаникалык ж. б. дисциплиналар аралык методдордун колдонулушу да колдоого арзыйт. Азыр бул мезгилдин талабы, анткени комплекстүү изилдөө үчүн түрдүү илимдердин илимий методдорунун жардамы керек болот. Этноботаника өзү жаңы илим, ал XX к. аягынан эле калыптанып келе жатат. Бул жагынан алганда да диссертациялык изилдөөнүн темасы жана багыты зор кызыгууну жаратат.

**Сунуш пикирлер:**

1. **Диссертациянын структурасы боюнча**

- “XIXк.аягы-XX к. башындагы өсүмдүктөр дүйнөсүн таанып билүү боюнча изилдөөлөр” деп аталса болот.
- “Флора” түшүнүгүн чечмелеп, диссертацияда кыргызча аталышын колдонууну сунуштайм.
- Диссертациядагы V бапты алдыга жылдырып, IV бап кылуу керек? Анткени этностун негизги керектөөлөрүнө тамак-аш, кийим-кече, турак-жай жана башка нерселер кирет. Сулуулук, косметика кийинки бапта берилсе логикалык жактан туура болот.

2. **Киришүү.**

- Изилдөөнүн методдорун так, толук көрсөтүү керек. Кайсы метод кандай колдонулду, ал кандай жыйынтыктарга алып келгендигин жазуу керек. Нагыз этнографиялык методдор колдонулган, бирок ал диссертацияда чагылдырылбай калган.
- 7-бет. Жобододо. ......эттен, камырдан башка ~~флорага~~ эмес, өсүмдүктөрдөн алынган азыктарга орун берилген болуш керек.
- Фауналар, флоралар деп айтылбайт, ал жекелик сандагы терминдер.
- Иштеги берилген шилтемелер адабияттардын тизмеси менен дал келээрин текшерип чыгуу керек.

3. **Жалпы диссертациянын мазмуну боюнча:**

Изилдөөнүн дагы бир маанилүү ыкмасы – өсүмдүктөрдүн элдик аттарын ботаникалык тил менен салыштырып таап, илимий мазмуну жана функциясы менен айкалыштыргандыгын туура деп эсептейм. Бул абдан керек.

Негизинен 2-бап жакшы жазылган. Иштин колдонулган булактары, изилдөө экспедициясынын программасы, изилденген стационардык пункттар, информаторлор жөнүндө жакшы маалыматтар берилген.

**3-баптан баштап диссертациянын мазмунунда бир топ иштер жасалышы зарыл экен.**

3.1.дин аталышын карап коюу керек. Мен сунуштаган аталыш: **“Кыргыздардын көчмөн жана жарым көчмөн жашоо турмушундагы өсүмдүктөрдөн жасалган буюмдар жана алардын колдонулушу”.**

42-бетте өрүктүн сорттору жөнүндө кыскача эле маалымат бар экен. Менин оюмча өрүк жөнүндө көп маалыматтарды чогултуп анын көлөмүн параграфка жеткирсе болот. Анткени өрүк Баткендин бренди, ал ар тараптан изилдениши керек. Азыркы иште кыргыздардын чарбасындагы негизги өсүмдүк, багбанчылыктын үлгүсү катары өрүк менен байланышкан этностун журүм-турум маданиятын толугураак чагылдырып берүүгө мүмкүнчүлүк болот эле.

Биздин 2009-жылы Кыргызстандын түштүгүн изилдеген этносоциологиялык изилдөөбүздө көп респонденттер рынок экономикасына ыңгайлашууда ата-бабалардын чарбачылыгына, кол өнөрчүлүгүнө кайтуу, мурдагы элдик билимдерди колдонуу менен жан сактап, кыйынчылык мезгилден чыгууга аракет жасашкан. Бул ошол учурдагы кыргыздардын рынок экономикасына адаптацияланууусунун бир аракети болгон.

Багбанчылыктын ичинен өрүктү өстүрүүнүн жергиликтүү өзгөчөлүктөрү, жергиликтүү сорттору, жаны инновацияланган сорттору, өндүрүлгөн продукция – өрүк как, вареньелер, сок-маңызы, өрүк курут кайсы базарларда сатылат? Кимдерге сатылат ж. б. этностор менен соода-экономикалык, маданий байланыштар кандай жүргүзүлүп жатканы жөнүндө маалыматтар ушул параграфка кирүүсү зарыл.

**3.3. Дыйканчылык менен өндүрүлгөн ~~флоралар~~ өсүмдүктөр, алардан жасалган буюмдар жана алардын колдонулушу**

Диссертациянын материалдары **жалпысынан** табигый өскөн жана эгилме флора деген классификация;

**Дыйканчылык өсүмдүктөрү:**

дан өсүмдүктөрү,

бакчачылык,

багбанчылык өсүмдүктөрү деген классификация менен изилденип, талданса жакшы болот.

V бапта Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздарынын мисалында XIX к. аягы - XX к. башында аталган аймактагы кыргыздар эт азыктары менен катар эле өсүмдүктөрдөн алынуучу азыктарды кеңири пайдаланганы аныкталган.

Тамак - ашка байланыштуу параграфта материалдар ушул классификация менен талданышы зарыл:

1) эгилме өсүмдүктөрдөн алынуучу азыктар;

2) жапайы өсүмдүктөрдөн алынуучу азыктар;

3) бакчачылыкта өстүрүлгөн жашылчалар;

4) багбанчылыкта өстүрүлгөн дарактардын мөмө-жемиштери;

5) Жапайы өскөн дарактардын мөмөлөрү. кайталоо эмеспи, такта , түшүндүрмө бер.

Ар бир бөлүктө материалдар ушундай илимий классификация, типтештирүү аркылуу талданса, диссертациянын мазмунундагы өсүмдүктөр тууралуу энциклопедиялык баяндоо сыяктуу материалдарды туура талдоого, жайгаштырууга мүмкүндүк берет. Анткени диссертацияда баптын жана параграфтын аталышына жараша мазмун болушу зарыл. Ал мазмун материалдарды илимий талдап, анан жыйынтык чыгаруудан куралат.

Стационардык изилдөө борборлорунун материалдары салыштырылыш зарыл. Башка региондор жана этностор менен салыштыруулар сөзсүз керек. Мындай салыштыруулар иштин баасын, баркын жогорулатат. Жалпысынан алганда, жогорудагы көрсөтүлгөн сын пикирлерди эске алуу жана жоюу менен А.Абдиеванын диссертациялык ишин диссертациялык кенешке каттого, кабыл алууга жана коргоого сунуштаймын!

**Изденүүчү А. Абдиева**: чоӊ ракмат, Айнагүл Рысбаевна, айтылган кемчиликтерди жана сунуштарды кабыл аламын.

**Ф.- м. д., профессор М. М.Таиров:** Саламатсыздарбы, мындан 12-13 жыл мурда Сизге барып Айшаны жетекчиликке алыӊыз деп сунуштаган элем. БатМУнун негизделгенине 24 жыл болгон болсо ушул жылдар аралыгында институтта жетекчи болуп, университетте жетекчи болуп иштеп, тарыхчы, тилчи, математик, эколог болобу аралашып жүрүп, 30 дан ашык илимпоздорду даярдоого аракетимди жасап келем.

О. Каратаев биздин 2-3 окутуучубузду даярдап берди. Сиз 3 окутуучубузду даярдадыныз. Бул БатМУнун сапаттык көрсөткүчүн жогорулатат. Эми Айшанын иши тууралуу айтайын. Ушул багыт боюнча иштеп-изилдеп жүргөн адам катары бир нерселерге көӊүлүӊдү бургум келип атат. 19-20-кылымдардагы маалыматтарды элден чогултупсуӊ. Орустар Ыссык-Көлгө алдыӊ эле келишкен. Биздин чөлкөмгө биринчи жолу 1871-жылы А. П. Федченко келген. Ал келип-кеткендиги жөнүндө дневник жазган, “Путешествие в Туркестан” деп китеп жазган. Ар бир айылга келип, айылда жашаган элдин флора жана фаунасын толук жазган. Жеринин кыртышына чейин жазган. Сен ушуну пайдалансаӊ. Кыргыздар тоо арасында жашап, жаратылыш менен гармонияда жашап, алар менен таттуу мамиледе болуп, аларды зарыл деӊгээлде пайдаланган. Эки мисал келтирейин: тоодо чекенде деген ийне жалбырактуу чөп бар. Илимий аталышы эфедра-бул кадимки наркоз. Мурда чекендени элдер чогултуп, аптекага тапшырышчу. Грыжаны эфедранын буусу менен дарылашкан. Ушулар боюнча да карап койсоӊ. Илимий ишиӊди колдоймун жана колдош керек. Мен да илимий ишти коргоого сунуштаймын.

**Б. и. к., доцент А. Абдибаитова:** Саламатсыздарбы урматтуу коллегалар, бизде уу коргошун деп койот, орустардан кирсе керек, жергиликтүү элдер көбүнчө бадьяк деп аташат. Уу коргошун деп аталып калышынын себеби, бул өсүмдүк өзүнүн денесине оор элементтерди чогултуп алат. Ошол оор элементтер организмге таасир кылат. Анын өзүнүн дозасында бериш керек. Көп колдонсо уулуу касиетин көрсөтүп, адамдарга олуттуу зыян келтирет. Эгерде азыраак өлчөмдө колдонсо кайсы бир оорулардан сакайтат. Дагы бир алгуй деген өсүмдүк бар. Элдер аны согуш

мезгилинде, ачарчылык болгондо нан катары колдонгон экен. Биз дагы Айша менен түз байланышып, өсүмдүктөр боюнча кеңешибизди беребиз. Экологдор менен байланышсаң, биз сага жардам беребиз. Мен да коргоого сунуштаймын.

**Жыйындын төрагасы, т. и. к., доцент А. А. Абдыкеримов:** чоң ракмат эжеке.

**БатМУ СГЭИнин доценти, КРнын Эмгек сиңирген мугалими Ы. С. Эралиев:** биздин чөлкөмдүн флора жана фаунасы боюнча аларды пайдалануу ыкмалары боюнча элдик билимдер атадан балага калып, сакталып калган. Мен да Айшага колумдан келишинче жардам берем. Анткени, мунун иши чоң, актуалдуу. А.Абдиеванын ишин колдойбуз.

**П. и. к., доцент Ф. Кашматова:** Саламатсыздарбы, урматтуу коноктор, урматтуу окумуштуулар. Бүгүн биздин окуу жайда абдан жакшы илимий талкуу болуп атат. Катышып отурганыбызга аябай кубанычтабыз. Бул тема абдан кызыктуу экен. Мени аябай кызыктырды. Ошол эле мезгилде сиздер жана айтып кеткендей бул өтө кенен тема экен. Биринчи бапта киришүүдө бул тема биринчи жолу изилденип атат дегенинизге айтайын деп атам. Мурда кайсы окумуштуулардын кайсы жылдары ушуга жакын изилденген. Ошол темаларды кошуп жазып туруп кашаанын ичинде кайсы жылдары изилденген. Ошону да кошо камтып кетсе абдан жакшы болот, себеби, мындан аркы талкууларда эмне үчүн сиз биринчи жолу ушул теманы көтөрүп чыктыңыз, сизден башка окумуштуулар ушул темага кайрылбаптырбы деген суроолор болуп калышы ыктымал. Ошон үчүн мындай маалыматтарды кошуп кетсеңиз жакшы болот. Сизге сунуш катары айтамын. Экинчи бапта изилдөөнүн методдору, обьектиси берилген. Сиз методдорду санап эле койуптурсуз да. Аңгемелешүү жана интервью алуу ж. б. методдорду колдонуп, мындай изилдөөлөрдү жүргүзүп туруп, мындай жыйынтыктарга келдик деп жыйынтыгын кошо жазсаңыз өтө пайдалуу болот. Аягында корутунду чыгарганга, анын ичинде ар бир бап боюнча жыйынтык чыгарганга да чоң жардам берет. Менин сизге сунуштарым ушулар. Мындан аркы иштериңизге ийгилик каалайбыз, ишиңизди аяктап, жакшынакай жактап алышыңызга тилектешмин.

**Жыйындын төрагасы, т. и. к., доцент А. А. Абдыкеримов:** чоң ракмат, урматтуу катышуучулар, дагы ойлор болсо айтсаңыздар болот. Анда бүгүнкү ушул Айшанын темасын жетектеген, менин да илимий жетекчим болуп эсептелет, азыркы күндө КРнын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун директору, т. и. д., академик Аблабек Асанкановичке сөз беребиз.

**Академик А. А. Асанканов:** Урматтуу коллегалар! Эң биринчи Сиздерге, БатМУнун жетекчилигине чоң ыраазычылык билдирем, анткени, Айшага мүмкүнчүлүк түзүп берип, иштеп алсын, жактап алсын деп, убакыт берип, финансылык жардамдарды көрсөтүп, андан тышкары өзүңөрдүн пикириңерди айтып, Баткенден ушул окуучуларды тарбияласаңыз болот деп айтканыңыздар бар. Ушулардын баарына тең ыраазычылык билдирем. Мен өз кезегинде айтканым бар. Баткен окуясы болуп кетпедиби. Баткен - биздин жүрөгүбүздүн толтосунда. Биз ар дайым сиздер менен. Сиздер жакшы болсоңуздар сүйүнөбүз, караан күн болуп, мылтыктар атылып, жаштар жерин таштап көчүп кетип атса күйүнөбүз. Биз Бишкекте туруп, илимибизди, билимибизди, тажрыйбабызды, болгон үйрөнгөнүбүздү бербегенде анан кимге беребиз. Мен өзүм атайын чоң чогулушта айттым: Баткенге шефтик кылып, ар бириңер жетекчиликке алып, тыйынды бералбайсыңар, өзүңөрдүн айлыгыңар төмөн. Барып согуша албайсыңар, колдон келбейт. Жок дегенде жаштарды тарбиялагыла. Кандидат кылгыла, доктор кылгыла деп айтып жүрөм. Мына ошолордун бири көрүп атасыздар Баткен боюнча үчүнчү окуучум, эми бул жалпы сөз.

Ошондой эле өзүңүздөрдүн убактыңыздарды аябай окуп, иштин мазмуну боюнча сиздерди ойлондурган баалуу болгон ой-пикирлериңизди, сын-пикирлериңиздерди жана сунуштарды айтыңыздар. Мунун баары Айшанын диссертациялык ишин андан ары түзөтүп, оңдоого багыт берет. Бирок ошого карабай жасалган илимий иш алкоого аларлык деп айта аламын.

Эми тема боюнча айтсам, флора боюнча теманы Айшага берип алып, океанды берип таштапмын. Көрсө биологдор бир эле айылды берет экен. Бир эле районду беришет тура, чындыгында район да чоң экен. А биз, бүтүндөй областы бериптирбиз. Бирок, биз аны биологиялык жактан изилдебей, медициналык-ветеринардык жактан изилдебей, тарыхый жактан изилдеп атабыз. Себеп, максат эмне эле? Бизди эмне деп жатышат? Кыргыздарды 19-кылымда Октябрь революциясы жеңгенге чейин “...дикокаменные киргизы” деп жазышкан. “Инородцы” деп бизди кемсинтишкен, “черные кыргызы”, “не хотят заниматься земледелием, им только надо скоты, больше ничего ненадо” деп айтышкан, а биз айтабыз: жок, кымбаттуулар, кыргыздар ветеринарияны билишкен, элдик дарыгерчиликти билишкен. Акырында, эми Айша экөөбүз далилдейли: кыргыздар курчап турган чөйрөнү билишкен. Жашоо-турмушунда эмне чөптү жешкен, эмнеге пайдаланышкан? Мына карагылачы, акырында тамак катары эле эмес, малга дары катары, боёк катары, акырында сулуулук катары пайдалангандыгын дүйнөлүк брендке алып чыгыш керек.

Айшанын салымы түштүк-батыш Фергананын кыргыздарынын, же болбосо ичкиликтердин курчап турган чөйрөнү - флораны терең ар тараптан билген, эмнеге керек, кандайча аны пайдаланыш керек, кайсы маалда териш керек, кандайча кургатыш керек, канча дозада элге жана малга бериш керек. Мына ушуну толук билген. Мына ушуну далилдегенге аракет кылды. Менин оюмча: ошол максатка жетти, жетип-жетпей турат. Профессор А.Рысбаевна жакшы айтты: "...ушулардын бардыгын тең жасасаныз, мен сизди сунуштаймын"-, деп. Сиздерден суранарым, диссертация боюнча дагы сунушунарды бергиле.

Окумуштуу Тентигүл кызы Н. айтты "..ушуну башка бир региондор менен да салыштырып койсоң болот эле, Кочкордон бир атабыздан уктук эле"-, деп. Сенин салыштырууң негизинен үч жерден болуп атпайбы. Баткен, Кадамжай, Лейлек. Кез-кезде андан деле сыртка чыгып кой. Салыштыруу боюнча да карап чыккын. Ишиңдин артыкчылыгы болот.

Уу коргошунду сен айтып атасын таптакыр бизде билген эмес экен деп, менин оюмча, сен кичине жаңылып атасынбы деп атам, андай болушу мүмкүн эмес. Уу коргошунду жер-жерлерде кыргыздар билишкен. Бирок ар кандай формада, ар кандай түрдө ар кандай дозада, ар кандай ат менен болушу мүмкүн, ушуну тактагын.

Методика боюнча: өзгөчө, ушул Айнагүл Рысбаевнага такай ыраазы болом. Абдан жакшы анализ кыласыз. Сизге ракмат. Ушул иш жакшы болуп кетсе экен деп, жакшы жагын да айтып кемчилигин да айтып келесиз. Сиздин берген сунуштарынызга толугу менен кошулам. Чоң проблеманы бергенбиз.

Изилдөө ыкмалары боюнча: бир эле талаа изилдөөлөрү эле эмес, реконструкциялоо ыкмасы, салыштырмалуу метод ж. б. ошолордун баарын кичине ачып берели, муну да карагын. Эң жакшы сенин жеңишиң - дисциплиналар аралык, ошону башына алып чыккын. Анткени, сен жалаң гана медицинаны жазбай, справочниктерди пайдаланып, ветеринардык сөздүк менен айкалыштырганың сонун да, ошонуң сенин чоң жеңишиң деп ойлоймун. Ошого туура келип атат да, демек, кыргыздар туура баратыптыр да, туура иштешкен экен да, туура пайдаланышкан экен, элдик ветеринария эле эмес, элдик ыкма менен туура дарылашкан экен да, ошону сен далилдеп атасын.

Флораны азык катары пайдаланышын 4-бапка алып барып, сулуулук каражаты боюнча 5-бапка койуу керек деген сунушка макул болушубуз керек го. Негизинен өрүктү ойлонолучу. Бүгүнкүдөй өрүк 19-кылымда да бренд беле?

**Ф. - м. и. д., профессор М. М. Таиров:** агай, негиздеп берейин. Ачарчылык мезгилинде өрүк сактаган. Ушул чөлкөмдөгү эл өрүктү экиден ооздоруна салып алышып, суткалап жүрүшкөн.

**Т. и. д., профессор КР УИАнын академиги А. Асанканов:** мына, элдик билим. Айнагүл Рысбаевнанын айтканын казып, керек болсо бир параграфка чыгарсаң болот эле деп атат. Өрүктүн түрлөрү көп, Самаркандек өрүгүнүн канты көп да. Сага берилген сунуштарды жана кемчиликтерди кабыл алып, ошонун үстүнөн иштейли. Сиздердин сөзүңүздөрдөн биз макул болбогон эчтекени деле тапкан жокбуз, баарыныздар рационалдуу идеяларды айттыңыздар. Сенин тапшырмаң маалыматтарды чогултуп анализ жасап жыйынтык чыгаруу керек. Жыйынтыкка келүү керек. Ракмат жалпыңыздарга.

**Жыйындын төрагасы, т. и. к., доцент А. А. Абдыкеримов:** Башка суйлөөчүлөр жок болсо, мен жыйынтыктоочу сөздү айтып койойун. БатМУда мындай илимий талкуулар болуп келген. Бирок, бүгүн чоң масштабда болду деп айткым келет. Айрыкча академик Аблабек Асанконовичтин, Айнагүл Рысбаевнанын келиши биз үчүн чоң нерсе деп ойлоймун.

Урматтуу кесиптештер, диссертацияны окуп чыккан окумуштуулардын баары өз пикирлерин билдиришти. Талкуу учурунда айтылган көпчүлүк пикирлердин жыйынтыгы-диссертациянын кол жазмасын коргоого сунуштоо болду. Ачык добушка койгондо талкууга катышкандардын баары бир добуштан диссертациянын кол жазмасын коргоого сунуштоого “Макул” болушту. “Каршы” - жок. “Калыс” - жок. Анда Айшанын ишине ийгилик каалайбыз.

Жыйынтыктап айтканда, иш кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга толугу менен жооп берет, ошондуктан ишти 07.00.07. - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча коргоого сунуштайбыз. Анда жыйынтыктоочу сөз диссертант А. Абдиевага берилет.

**Изденүүчү А. Абдиева**: Урматтуу агай-эжелер, кафедра мүчөлөрү. Менин ишимди убакыт бөлүп окуп, мен үчүн баалуу сунуш-пикирлериңиздерди айткандыгыңыздарга терең ыраазчылыгымды билдирем. Чындыгында, биринчи талкуудан өтүп жаткандыктан ар бириңиздердин пикириңиздер биз үчүн зарыл, сиздердин пикириңиздер менен ишибиздин деңгээли көтөрүлөт деп ойлоймун. Бул иштин изилденишине макулдугун берген жетекчим т. и. д., профессор, академик А. А. Асанкановго ыраазычылык билдирем. Чындыгында, иштин жүрүшүндө, алдыга жылышында жетекчимдин салымы чоң. Көп жакшы сунуштар айтылды, коргоого чейин кемчиликтерди оңдоп, айтылган сунуш-пикирлерди эске алабыз.

Баткен мамлекеттик университетинин М. М. Таиров атындагы Кызыл - Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун Гуманитардык факультетинин Кыргыз тили жана тарых кафедрасынын жана Баткен мамлекеттик университетинин А. А. Машрабов атындагы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун Педагогика жана экономика факультетинин Филологиялык жана педагогикалык билим берүү кафедрасынын 2024-жылдын 12-июнунда өткөрүлгөн

**Кеңейтилген жыйыны**
**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын **«Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы)»** деген темада 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын ЖАКнын талаптарына жооп берет.
2. Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын **«Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы)»** деген темадагы диссертациясы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациялык иши боюнча кафедранын корутундусу бекитилсин.
3. **«Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы)»** деген темадагы диссертациясы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча кандидаттык сынактын экинчи бөлүгүнүн кошумча программасы бекитилсин (программа тиркелет).
4. Айтылган кемчиликтерди эске алуу менен Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын **«Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы)»** аттуу темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин (доктору) кандидаты

окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.23.674. диссертациялык кеңештин жыйынында ачык коргоого сунушталат.

Жыйындын төрагасы, т. и. к., доцент,
БатМУ КГПИнин «Кыргыз тили жана тарых»
кафедрасынын башчысы: А. Ш. Абдыкеримов

Жыйындын катчысы, т. и. к., доцент, БатМУ СГЭИнин
"Филологиялык жана педагогикалык
билим берүү» кафедрасынын профессору: А. Д. Курбанов

Кеңейтилген жыйындын төрагасы,
т. и. к., доцент А. Ш. Абдыкеримовдун колун
жана жыйындын катчысы,
т. и. к., доцент А.Д.Курбановдун колун тастыктаймын.

БатМУнун
Кадрлар департаментинин башчысы: С. М. Абдуллаева

М.О. «12» 06 2024 - ж.

Абдиева Айнахан Мухаматкуловнанын талкуусунда

## КАТТОО БАРАКЧАСЫ

12 июнь 2024-жыл

| № | Ф.А.Ж. | Илимий даражасы | Иштеген жери | кызматы | колу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жоошбекова Апиашу | т. и. д., проф. | КМУ | каф. башчысы | [signature] |
| 2 | Сабырбаидиева Г.К. | т. и. к., доц. | ОшМУ | зам. декан. нац. | [signature] |
| 3 | Бердияв А. Т. | т. и. к., доцент | БатМУ КТПИ | БатМУ КТПИ нин директору | [signature] |
| 4 | Татиров М.М | ф.-м.и.д. профессор | БатМУ | профессор | [signature] |
| 5 | Асаналов А | т.а.д. проф. академик | НАНКР Инст. истории археол. и этн. | директор | [signature] |
| 6 | Камматова Ж. А | п. и. к., доцент | Бат МУ КТПИ | доцент | [signature] |
| 7 | Кайпилова Т.М. | филол. и. к. | Бат МУ КТПИ | доц. м.а. | [signature] |
| 8 | Абдибайитова Н. А. | б. и. к. | Бат МУ КТПИ | доцент | [signature] |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 9 | Курбанов Абдукаим Давлятович | т. и. к. профессор | Бат МУ социалдык гуман.-экон институту | профессор т. с | [signature] |
| 10 | [illegible] Сарыбаевна | КР.ны эмгек сиң. мугал. доцент | Бат МУ СГЭИ. | доцент | [signature] |
| 11 | Ташиева Гулжан Култбаковна | ст. препод | ОшТУ | | [signature] |
| 12 | Нажимидинова Аселхан Элиевна | п. и. к., доц. | БатМУ, КТПИ | зав. кафедра | [signature] |
| 13 | Мусаев Омурбек | ага окутуучу | БатМУ КТПИ | окутуучу | [signature] |
| 14 | Бердибаев Абдусалам | ага окутуучу | БатМУ КТПИ | окутуучу | [signature] |
| 15 | Кочкорова Жамиля | окутуучу | БатМУ КТПИ | окутуучу | [signature] |
| 16 | Бусамиева Гулмира | ага окутуучу | БатМУ СГЭИ | окутуучу | [signature] |
| 17 | Муталип уулу Азамат | ага окутуучу | Бат МУ СГЭИ | ага окутуучу | [signature] |
| 18 | Урайимов. Шайдилл | доц. м.а. | БатМУ КТПИ. | доц. | [signature] |
| 19 | | | | | |